| | |
|---|---|
| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЧҮЙ ОБЛУСУ<br>МОСКВА РАЙОНУ<br>НАРЗАН<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>МОСКОВСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>НАРЗАНСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |

# ТОКТОМ № 15

**28 май 2024-жыл** **Беловодское а.**

**Жер участогуна укук белгилөөчү жана күбөлөндүрүүчү документтерди алууга макулдук берүү жөнүндө**

Нарзан айыл өкмөтүнүн башчысы И.Э.Оскомбаевдин жер участогуна укук белгилөөчү жана күбөлөндүрүүчү документтерди алуу жөнүндө маалыматын угуп жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын Жер Кодексинин 25-беренесинин 2-пунктуна, "Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 5-беренесине ылайык, Москва райондук шааркурулушу жана архитектура боюнча башкармалыгынын 07.03.2023-жылдын №17 корутундусунун негизинде, айылдык кеңештин сессиясы,

**ТОКТОМ КЫЛДЫ:**

1. Москва району, Беловодск а. Ленин көч, роддомдун чыгыш тарабынан аянты 4993,5кв. м., жайгашкан жер участогуна укук белгилөөчү жана укук күбөлөндүрүүчү документтерди алууга Нарзан айыл өкмөтүнө макулдук берилсин.
2. Бардык укук белгилөөчү жана укук күбөлөндүрүүчү документтерди мыйзамда белгиленген тартипте даярдоо, ошондой эле тиешелүү документтерди Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 25-беренесине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча Мамлекеттик Агенттигинин Москва филиалында каттоодон өткөрүүнү Нарзан айыл өкмөтүнүн башчысы И.Э.Оскомбаевге милдеттендирилсин.
3. Жооптуу катчы бул токтомду Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстициясынын Чүй-Бишкек башкармалыгына каттоо үчүн жөнөтсүн.
4. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Нарзан айыл өкмөтүнүн башчысы И.Э.Оскомбаевге жүктөлсүн.

**Төрага** **Т. К. Кулжанов**